УДК: 63.0
Исмаев А.Р.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

ИНСАНГА БОЛГОН ПАССИОНАРДЫК КӨЗ КАРАШ

XIX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн Боромбай манап өз элинин камкор, көсөм жетекчиси, ар кандай саясий, согуштук иште алысты көрө билген кылдат стратег, дипломат экендиги ачык чагылдырылган.

Адам баласы жашаган ар бир доордун кайталангыс, ошол гана доорго мүнөздүү өзгөчөлүгү, кийинки муундарга сабак боло турган, жашоо турмушуна керектүү, табылгыс пайда келтирүүчү, омоктуу таасир берүүчү жана да кийинки муундардын жашоосуна тура багыт берүүчү касиеттери, артыкчылыктары болот. Ар бир доордогу тарыхый инсандын ээлеген орду тууралуу так маалыматтар улуттук мамлекетүүлүк идеясынын калыптанышында, анын өсүп өнүгүшүндө улуу инсандардын эмгеги чоң «дастан» болуп тарыхтын өзүнчө баскычына кошулду. Учур талабына дал келбей эскирип калган коомдук түзүлүштөн жаңырган коомдук түзүлүшкө жарандар кадам таштоочу өткөөл доордо, алга карай өнүгүүнүн альтернативаларына, айрылыш жолдоруна кептелген кезде, туурасын тандап алуу мүмкүнчүлүгү бир нече эсе көбөйөт. Ошондой учурда тарыхый инсандардын коомдук саясий ишмерлердин, аскер башчылардын, окумуштуу аалымдардын, даанышмандардын ролу кескин өсөт. Анткени алар айрылыш жолдордун мүмкүнчүлүктөрүн алдын ала көрө билишет, альтернативаларды туура түшүнүшөт жана тигил же бул максатты көздөй эл массасын өз артынан ээрчите алышат.

«Пассионарлуу Инсандар өздөрүнө гана таандык өзгөчө касиеттерге жараша этникалык массивди бекем бириктирип, анын күч кайраттарын топтоштуруп жана ошол инсан аныктаган максатка динамикалык абалда турган пассионардык энергияны багыттоо менен, этникалык структурага иреттүүлүк мүнөздү бере алат. Пассионарлуу Инсандын тазаланып ылгануу (кристализациялануу) борбору катарында потенциалдык сапаттарынын ачылышы үчүн өбөлгө түзүүчү башкы касиети анын бардыгын жеңүүчү Саясий Эрки. Пассионардык Инсанга ал алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн кандай гана тоскоолдуктар болбосун токтобоого жана өз айланасындагыларындай эле жоолашкандарды жазалоодо да бардык курмандыктарга барууга мүмкүндүк берет».[1]

Кыргыз эли үчүн XIX кылымдын орто чени дал ошондой, ар кандай карама-каршылыктар арбыган, баш аламандыктын айрым белгилери жанданып, эски менен жаңы атаандашып теңтайлашкан заман эле. Мындай машакаты көп өнүгүү жолун тандоонун кыйынчылыктары кыргыз элинин коомдук, саясий жана чарбалык турмушунан, руханий дүйнөсүнөн, коомдук аң-сезиминен, коңшулаш калктар менен алака-байланыштарынан, күч-кубаттуу өлкөлөргө карата мамилесинен даана көрүнөт. Ошол кыйчалыш мезгилде биринен-бири кем калбаган далай чыгаан инсандар эли ичинен алдыга суурулуп чыгышкан. Андай акылгөй, көп кырдуу жол башчылардын катарына Боромбай Меңмурат уулун атасак болот.

Эл оозунда калган инсан жөнүндө мүнөздөп айтыла турган сөздү Сарт аке айткан экен:

---

[1] Акаев А. Кыргызская государственность народный эпос «Манас».-Б: АО «Учкун». 2002. 493-бет.

Боромбай бий бийлик төрөсу болгондо талаш-тартышсыз, төрөлгөн балага азан чакырып ат койгондой эле кубаныч, колдоо, урмат-сый менен даражалуу орунга келди. Бул инсан бийик даражалуу орун үчүн жаралган адам, анткени ал мансабы, күткөн даражасына, калк урматтаган даназасына маашырланганын, бой көтөргөнүн көрбөдүм да укпадым.

Боромбайдын бийик даражага татыктуу сапаттары көп, алардын ичинен өзгөчө терип ылгап айта турганы - сыр алдырбаганы. Кандай оор иш жүрөк өйүгөн кайгы-муңу болсо да, тубаса калыбынан жазбай, оор салмактуулугунан жазбай, айланасында отургандардын журөгүнө так кетирбей токтоо, камырабагандай калыбынан тайбайт эле.

Боромбай бийдин мыкты сапаты - айткан сөзүн эки кылбаганы, убададан тайбаганы, сунган колун кайра албаганы. Бул сапаттары анын бүт турпатына төп келип турчу. Мен бир да жолу Боромбай илгери-кийин айткандарынан жазганын укпадым, да көрбөдүм.

Боромбайдын асылдыгы - акылдуу айтылган кеп кеңешке кулак төшөгөндүгү. Ал акылдуу сөзгө кошумча айтканын бир да жолу укпадым. Жакшы сөзгө ыракаттанып калганда мыйыгынан гана билинер-билинбес жылмайып, башын өйдө көтөрүп коөр эле.

Кайып-каскагынан бирөөнөн олдоксон, ыксыз угуп калса, ага эч качан жооп кайтарчу эмес. Ал сөздү көкүрөгүнө түйүп, кек сактап, бир да жолу эскерип койчу эмес. Көрсө, андай сөздү айткан адамдардын дараметин баамдап ага теңелүүчү эмес. Бул анын асылдыгынын дагы бир белгиси.

Адамга жамандык кылуу оор, жакшылык кылуу жеңил, анткени «жамандык кылуу - күнөө, жакшылык кылуу - сооп», -деп айткан экен.

Эл арасында ичтен же тыштан ар кандай сөз, каңшаар сөз, каңшаар жүрсө, анын чын-бышыгына жетпей, кулак төшөчү эмес. Бул анын акыйкатчыл сабырдуу экендигинин бир үлүшү.

Боромбай султандын өтө жектегени кошоматчы, жасакер адам эле. Ал жасап-түзөп айтканды, жөнсалды мактаганды жактырчу эмес. Мындай жагдайда бетмаңдайын көз ирмебей, үн катпай калаар эле.

Боромбайды жигит пири, окүмдар султан даңкына жеткиргени - анын жан-жөкөрлөрүнүн, акыл кеңешчилеринин пикирин угуп, акыл калчап, чын пейили менен берилип баа бергендиги. Ал кандай маселе болсо да, кеңеш куруп, билермандардын пикирин угуп, андан кийин гана бир бүтүмгө келчү. Боронбай үчүн майда же чоң маселе болчу эмес. Ал бардык ишке дыкат, билгичтик менен мамиле жасаар эле. Бир сөз менен айтканда; «…Боромбай барда жер тегиз, мал семиз, төл эгиз, эл деңиз эле…»[2]

Боромбай жаш чагында өтө татаал, опурталдуу окуяларды өз көзү менен көрүптүр, алардын айрымдарына өзү да катышып абдан такшалганы талашсыз. Ага замандаштары – өз доорунун чыгаан инсандары – Ормон хан, Жантай, Медет датка, Жанкарач, Ажыбек датка, Алымбек датка ж.б. таасир этишкени анык. Ошондой орошон журт башчылары менен бирге оош–кыйышы көп оомалуу–төкмөлүү учурда жашап эл жердин бейпилдиги, коопсуздугу жана келечеги үчүн тарыхый кырдалга жараша эч нерседен жалтанбай кам көрдү. Анын калк үчүн кара жанын карч уруп кам көргөнүн кийинки коомдук–саясий

[2]Иманов А. Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат чечен. –Каракол, 2009 152-бет.

ишмердигинен даана көрүнүп турат.

Башка ири уруу бирикмелеринин жол башчылары сыяктуу эле XIX к. 30 жж. ага жалпы кыргыз элинин кийинки тарыхый тагдырына, өсүп өнүгүү өңүтүнө таасир эте турган талылуу маселелердин тамырын тартууга, аларды кыргыздардын пайдасына чечүү үчүн баш оту менен киришип, бүткүл күч кайратын, акыл–эсин жумшоого туура келди. Бул кыргыз–кытай, кыргыз–кокон, кыргыз–казак, кыргыз–орус мамилелер жөнүндөгү маселелер. Ошону менен бирге уруу бирикмелеринин ортосундагы алигиче аягы суюла элек чыр–чатактар дагы анын көңүлүн өйүткөн. Анткени Бугу уруу бирикмеси мекендеген стратегиялык мааниси зор ажайып кооз кең аймакка көптөгөн өлкөлөр көз арткан. Алсак, Күңгөй менен Тескейден бийик чеп–коргондой асман тиреп, Ала–Тоону курчаган Ысык–Көл ойдуңунан түндүк–чыгыш тарапта Чоң Ордонун (Улуу Жүз) казактары, түштүк–батышта Кокон ханы, чыгышта Цинь Кытайы кызыккан. Бул өрөөндө өз таасирин эртелеп таркатууга XIX к. башынан тартып Россия империясы умтула баштайт. Батыш Сибирдеги орус бийлиги жана көпөстөрү ошол кезде Кытай аркылуу Индия менен соода жүргүзүүнү эң негизги стратегиялык багыт катары караган. Бун үчүн Теңир–Тоо аркылуу өткөн жолду өздөштүрүү керек эле.[3] Айтор аталган аймак билинбей ар түрдүү өлкөлөрдүн түпкү кызыкчылыктары кайчылашып чиеленишкен бекем түйүнгө айланат.

XIX к. биринчи жарымында Ысык-Көл өрөөнүндө, негизинен, кыргыздардын үч чоң уруу бирикмеси: бугу, сарыбагыш жана саяктар жердешчү. Бул ойдунду аталган уруулар кыштоо, көктөө жана күздөө катары урунуп, суусу мол жайык жерлерге эгин эгишчү. Орок орулуп, түшүм жыйналганча жайлоого, чымын–чиркей, көгөн малдын тынчын албай турган салкын капчыгай, төрлөргө көчүүшчү. Чокон Валихановдун жазганына караганда бугулар Ысык–Көл өрөөнүнүн түштүк–чыгыш тарабында, Жыргалаңдан тартып Аксуу менен Кызыл–Сууга, Жууку, Барскоонго чейин ээлик кылышкан. Айрыкча, Жыргалаң суусунун боюндагы көк жайыктар, Көл жээгиндеги түздүктө чөп көп өскөн мыкты жер болгондуктан, кышында мал кар тээп оттошу үчүн коруп сакташкан. Ч.Валиханов 1856–ж. Ысык–Көлгө келгенде, Аксуу менен Жууку суусуна чейинки кыргыз айылдарын кыдырып ар кандай пайдалуу маалыматтарды жыйнап, көбүнчө жергиликтүү элдин уламышын, баяндарын жана тилин изилдеген. Ага кыргыздын тарыхына байланыштуу кызыктуу маалыматтардын кыйласын Боромбай бий өзү айтып бергени маалым.

Боромбай кеп–сөздү баалай билген, нукура элдик каада–салттарды, адат–наркты бекем сактаган. Өзү да кыргыздын макал–лакап, нарк, нускасын, нускалуу накыл, насаат сөздөрүн айта жүрчү. Санжыра, уламыш, баяндарды кары–жаш экенине карабай жакшылап үйрөнүүгө үндөгөн, орундуу сүйлөгөн, жупуну жашоосу, жүргөн–турганы, кылган иши, кулк–мүнөзү, жада калса турган турпаты менен да башкалардан айырмаланып элине үлгү болгон. Анын айткандарына жана башка кабарларга таянып, Ч.Валиханов кыргыздардын Түштүк Сибирден көчүп келгендиги жөнүндө окумуштуулардын арасында И.Э.Фишер менен А.Левшин аркылуу тарап орун алган ойдун чындыкка дал келбесин, калпыс экендигин баса белгилеген.

---

[3] Воропаева В.. Джунушалиев Д., Плоских В. Из истории кыргызско - российских отношений (XVIII-XIX вв): Краткий курс лекции и методическое пособие, /Под ред. Акад. А.Ч.Какеева.-Б: Илим, 2001. 28-бет.

Боромбай Чокан Валиханов менен маек курган учурда Бугу уруу бирикмесинде элдин пикири чоң мааниге ээ болуп, ар дайым эске алынарын баса белгилеген. Бул анын коомдук көз караштарында демократтык элементтер үстөмдүк кылгандыгынан кабар берет. Ал ири уруусунун бирикмесинин бийи болгонуна карабастан, карапайым калктан анчейин айырмаланбай, алар сыяктуу эле жупуну жашачу. Анын күндөлүк турмуш–тиричилиги тууралуу кызыктуу маалыматтар Ч.Валихановдун эмгегинде өтө арбын: «Абдан бай алардын манабы Боромбайдын ак өргөөсү – деп жазып аталган окумуштуу, - бош тургандай туюлат, керегенин жанында топтолгон кийиздер, бухаралык жөнөкөй кездемеден капталган жууркандар жыйылып турат, алардын кырында кытайлык шайыдан жасалган жаздыктар жатат. Жыгач сүзгү, чөмүчтөр, кымыз куюлган чаначтар, жергиликтүү усталар колго жасаган аяк, табактар, казандар, көрүнө жерден орун алган. Үй ээсинин зайыбы, улгайган байбиче койдун терисинен жасалган көрпө көлдөлөңдө олтурат. Спарталыктардыкындай турмуш жана боз үйдөгү бoштук, кыргыздар өздөрү айткандай, алардын байыркы адаты»[4].

Колдонулган адабияттар:

1. Акаев А. Кыргызская государственность народный эпос «Манас». –Б.: Учкун, 2002. 493- бет.

2. Иманов А.Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат чечен. –Каракол, 2009, 152-бет.

3. Воропаева В.. Джунушалиев Д., Плоских В. Из истории кыргызско-российских отношений (XVIII-XIX вв): Краткий курс лекций и методическое пособие, /Под ред. акад. А.Ч. Какеева. –Б., Илим, 2001. 28-бет.

4. Валиханов Ч.Ч.Собрание сочинений. В пяти томах, Том II. -Алма-ата; Главн. ред. Казах. Сов. Энцикл., 1985, 11-бет.

---

[4] Валиханов Ч.Ч.Собрание сочинений. В пяти томах, Том II.-Алма-ата; Главн. Ред. Казах. Сов. Энцикл. 1985, 11-бет.